# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 28
## *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»*

## Максаты

1 **Ушул стандарттын максаты болуп ассоциацияланган ишканаларга салынган инвестицияларды эсепке алуу эрежелерин жана ассоциацияланган ишканалар менен биргелешкен ишканаларга салынган инвестицияларды эсепке алуудагы үлүштүк катышуу методун колдонуу боюнча талаптарды аныктоо саналат.**

## Колдонуу чөйрөсү

2 **Ушул стандарт инвестициялардын объектин биргелешип контролдогон же ага олуттуу таасир эткен инвесторлор болгон бардык ишканалар тарабынан колдонулууга тийиш.**

## Аныктамалар

3 **Ушул стандартта төмөндөгү терминдер көрсөтүлгөн маанилерде колдонулат:**

***Ассоциацияланган ишкана* – ишмердүүлүгүнө инвестордун олуттуу таасири бар ишкана.**

***Бириктирилген финансылык отчёттуулук* – башкы ишкананын жана анын туунду ишканаларынын активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталдары, кирешелери, чыгашалары жана акча каражаттарынын агымдары бирдиктүү экономикалык субьектке тиешелүүдөй көрсөтүлгөн топтун финансылык отчеттуулугу.**

***Үлүштүк катышуу методу* - эсепке алуу методу, анын учурунда инвестициялар адегенге сатып алынган нарк боюнча таанылат жана андан соң сатып алгандан кийинки инвестициялар объектисинин таза активдерине инвестордун үлүшүнүн өзгөрүүлөрүн эске алуу менен оңдоп-түзөлөт. Инвестордун пайдасы же зыяны инвестиция объектисинин пайдасындагы же зыянындагы инвестордун үлүшүн, ал эми инвестордун башка жыйынды кирешеси инвестициялар объектисинин башка жыйынды кирешесиндеги инвестордун үлүшүн камтыйт.**

***Биргелешкен ишкердик* – эки же андан көп тарап биргелешип контролдогон ишкердик ишмердүүлүк.**

***Биргелешкен контроль* - келишимде каралган, маанилүү ишмердүүлүк жагынан чечимдерди кабыл алуу контролду бөлүшүп жаткан тараптардын бир добуштан макулдугун талап кылганда гана орун алган ишмердүүлүккө контролдукту бөлүштүрүү.**

***Биргелешкен ишкана* – ишмердүүлүккө биргелешип контролдук жүргүзгөн тараптарда ишмердүүлүктүн таза активдерине карата укуктардын болушун болжолдогон биргелешкен ишкердик.**

***Биргелешкен ишкананын катышуучусу* – биргелешкен ишкананы биргелешип контролдоочу биргелешкен ишкананын тарабы.**

***Олуттуу таасир* – инвестициялар объектинин финансылык жана операциялык саясат боюнча чечимдерди кабыл алуусуна катышуу, бирок бул саясатты контролдобоо же биргелешип контролдоо ыйгарым укугу.**

4 Төмөндөгү терминдер *«Өзүнчө финансылык отчёттуулук»* ФОЭС (IAS) 27нин 4-пунктунда жана *«Бириктирилген финансылык отчёттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10дун А тиркемесинде аныкталган жана ушул стандартта алар аныкталган ФОЭСтерде көрсөтүлгөн маанилеринде колдонулат:

- инвестициялар объектисин контролдоо
- топ
- башкы ишкана
- өзүнчө финансылык отчёттуулук
- туунду ишкана.

## Олуттуу таасир

5 Эгерде ишкана тике же кыйыр түрдө (мисалы, туунду ишканалар аркылуу) инвестициялар объектине карата 20% же андан көбүрөөк пайыз добуш укугуна ээлик кылса жана мунун тескерисинин ынанымдуу далилдери болгон учурларды кошпогондо, мындай ишкана олуттуу таасирге ээ деп эсептелет. Бирок, эгерде ишкана тике же кыйыр түрдө (мисалы, туунду ишканалар аркылуу) инвестициялар объектине карата 20%дан азыраак добуш укугуна ээлик кылса жана мунун тескерисинин ынанымдуу далилдери болгон учурларды кошпогондо, мындай ишкана олуттуу таасирге ээ деп эсептелбейт. Башка инвесторго таандык акциялардын ири же контролдук пакетинин болгондугу ишкананын олуттуу таасири болгонун сөзсүз түрдө жокко чыгарбайт.

6 Адатта ишкананын олуттуу таасирге ээ болушу төмөндөгү бир же бир нече фактылар менен тастыкталат:

(a) директорлор кеңешинде же инвестициялар объектин башкаруунун ушул сыяктуу органында өз өкүлчүлүгүнүн болушу;

(b) саясатты иштеп чыгаруу процессине, анын ичинде дивиденддерди төлөп берүү же кирешени башкача бөлүштүрүү боюнча чечим чыгарууга катышуусу;

(c) ишкана менен анын инвестициялар объектисинин ортосунда маанилүү операциялардын болушу;

(d) жетектөөчү персонал менен алмашуу; же

(e) маанилүү техникалык маалыматтардын берилиши.

7 Ишкана акцияларга варранттарга, акцияларды сатып алуу опциондоруна же жөнөкөй акцияларга конвертациялоого боло турган карыздык же үлүштүк инструменттерге, же болбосо аткарылган же конвертацияланган учурларда ишканага кошумча добуш укугун камсыз кыла турган же башка ишкананын финансылык жана операциялык саясатына карата анын добуш укугун кыскарта турган (демек, потенциалдуу добуш укуктары) башка ушул сыяктуу эле инструменттерге ээлик кылышы мүмкүн. Башка ишканалардын добуш боюнча потенциалдуу укуктарын кошкондо, учурда жүзөгө ашырыла турган же конвертациялоого боло турган потенциалдуу добуш укуктарынын болгондугу жана таасир этиши, ишкананын олуттуу таасири бар же жок экендигин баалоо учурунда эсепке алына турган жагдайлардан болуп саналат. Эгерде потенциалдуу добуш укуктары, мисалы, келечектеги белгилүү бир күнгө же окуяга чейин ишке ашырууга же конвертациялоого болбосо, алар учурга карата ишке ашырыла турган же конвертациялана турган болуп саналбайт.

8 Потенциалдуу добуш укуктары олуттуу таасирдин болушуна алып келээрине баалоо жүргүзүү менен, ишкана, ошол потенциалдуу добуш укуктарын ишке ашырууга же конвертациялоого жетекчиликтин ниети менен финансылык мүмкүнчүлүгүнөн тышкары, аталган потенциалдуу добуш укуктарына таасирин тийгизген бардык фактылар менен

жагдайларды (анын ичинде потенциалдуу добуш укуктарын жана өз алдынча да, чогуу да каралуучу башка макулдашууларды ишке ашыруу шарттарын) талдап чыгууга тийиш.

9 Ушул инвестициялар объектинин финансылык жана операциялык саясатынын маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуу укугунан ажырап калган учурларда ишкана ошол инвестициялар объектинин ишмердүүлүгүнө олуттуу таасирин жоготот. Андай олуттуу таасирин жоготуу катышуунун абсолюттук же салыштырмалуу үлүштөрүнүн өзгөрүшү менен коштолот же коштолбойт. Мындай абал, мисалы, ассоциацияланган ишкана мамлекет, соттук, административдик же жөнгө салуучу орган тарабынан контролдонгон объект болуп калган учурларда түзүлүшү мүмкүн. Мындай кырдаал түзүлгөн келишимдик макулдашуунун натыйжасында орун алышы да ыктымал.

## Үлүштүк катышуу методу

10 Үлүштүк катышуу методуна ылайык, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялар адегенде алгачкы наркы боюнча таанылат да, андан ары алардын баланстык наркы инвестициялар объекти инвестор тарабынан сатып алынган күнүнөн кийин анын пайдасындагы же зыянындагы үлүшүн таануу эсебинен жогорулайт же төмөндөйт. Инвестордун инвестициялар объектиндеги пайдасынын же зыянынын үлүшү анын пайдасынын же зыянынын курамында таанылат. Пайданы бөлүштүрүүнүн натыйжасында инвестициялар объектинен алынган каражаттар инвестициялардын баланстык наркын төмөндөтөт. Инвестициялардын баланстык наркын оңдоп-түзөө, инвестициялар объектинин башка жыйынды кирешесинде өзгөртүүлөрдүн келип чыгышына байланыштуу инвестордун инвестициялар объектиндеги катышуу үлүшүндө орун алган өзгөртүүлөрдү чагылдыруу үчүн да керектүү болуп чыгышы мүмкүн. Андай өзгөртүүлөр, айрыкча, негизги каражаттарды кайталап баалоого жана валюталардын курстук айырмаларына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Инвестордун мындай өзгөртүүлөрдөгү үлүшү анын башка жыйынды кирешесинин курамында таанылат. (*«Финансылык отчёттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1ди караңыз).

11 Пайданы бөлүштүрүүдөн алынган кирешени таануу, инвестордун ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган инвестицияларынан алган кирешени баалоо үчүн адекваттуу негиз болбой калышы да мүмкүн, анткени пайданы бөлүштүрүүдөн алынган каражаттар ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын аз гана өлчөмдө чагылдырышы мүмкүн. Инвестор инвестициялар объектине биргелешкен контролго же олуттуу таасирге ээ болгондуктан, ал өзү ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына, демек, өзүнүн инвестицияларынын кирешелүүлүгүнө кызыкдар. Инвестор мындайда канчалык кызыкдар экендигин ошондой инвестициялар объектинин пайдасындагы же зыянындагы өз үлүшүн финансылык отчёттуулукта көрсөтүү жолу менен чагылдырат. Үлүштүк катышуу методун колдонуу инвестордун таза активдери жана пайдасы же зыяны жагынан финансылык отчётттуулуктун маалыматтуулугун жогорулатат.

12 Потенциалдуу добуш укуктары же ошондой укуктарды камтыган башка туунду инструменттер болгондо, ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы үлүшү ээлик кылуунун иш жүзүндө бар болгон гана үлүштөрүнүн негизинде аныкталат жана, эгерде 13-пункт колдонулбаса, потенциалдуу добуш укуктарын жана башка туунду инструменттерди ишке ашырууну же конвертациялоону чагылдырбайт.

13 Кээ бир жагдайларда ишкана, ээлик кылган үлүшүнө байланышкан кирешеге учурда жеткиликтүүлүк берген операциялардын натыйжасында негизинен иш жүзүндө ээлик кылат. Мындай жагдайларда ишканага таандык үлүш, потенциалдуу добуш укуктарынын жана башка туунду инструменттердин ыктымал жүзөгө ашырылышын эске алуу менен аныкталат да, алар ишкана үчүн кирешени жеткиликтүү кылат.

14 *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9 ассоциацияланган ишканалардын же биргелешкен ишканалардын катышуу үлүшүнө карата колдонулбайт, ал үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эсепке алынат. Эгерде потенциалдуу добуш укуктарын учурда

камтыган инструменттер, ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы ээлик кылган үлүшү менен байланышкан кирешеге жеткиликтүүлүк берсе, андай инструменттерге ФОЭС (IFRS) 9дун аракети жайылтылбайт. Ал эми башка бардык учурларда ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы потенциалдуу добуш укуктарын камтыган инструменттер ФОЭС (IFRS) 9га ылайык эсепке алынат.

14A Ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду ошондой эле, аларга карата үлүштүк катышуу методу колдонулбай турган ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы башка финансылык инструменттерине карата колдонот. Аларга, ишкана ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган таза инвестициянын бир бөлүгүн түзгөн узак мөөнөттүү салымдар кирет (38-пунктту караңыз). Ишкана ушул стандарттын 38-пунктун жана 40-43-пункттарын аталган узак мөөнөттүү салымдарга карата колдоноордон мурда, ФОЭС (IFRS) 9ду колдонот. Ушул стандартты колдонуунун натыйжасында келип чыккан узак мөөнөттүү салымдардын баланстык наркынын оңдоп-түзөөлөрүн ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууда эске албайт.

15 Эгерде ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестиция же анын кандайдыр бир үлүшү, *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык, сатууга арналган катары классификацияланбаса, сатууга арналган катары классификацияланбаган инвестиция же инвестициядагы бардык калган үлүшү жүгүртүүдөн тышкаркы актив катары классификациялануга тийиш.

## Үлүштүк катышуу методун колдонуу

16 Инвестициялар объектин биргелешип контролдогон же ага олуттуу таасири бар ишкана, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган инвестицияларын үлүштүк катышуу методун колдонуп (17-19-пункттарга ылайык, ишкана үлүштүк катышуу методу боюнча андай инвестицияларды эсепке алуудан бошотулган учурларды кошпогондо) эсепке алууга тийиш.

### Үлүштүк катышуу методун колдонуудан бошотуу

17 Эгерде ишкана, ФОЭС (IFRS) 10дун 4(а)-пунктун колдонуу чөйрөсүндө көрсөтүлгөн алып салууга ылайык, бириктирилген финансылык отчёттуулукту түзүүдөн бошотулган башкы ишкана болуп саналса, же төмөндө көрсөтүлгөн жоболордун бардыгы анык болсо, андай ишкана өзүнүн ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган инвестицияларын эсепке алып жаткан учурда үлүштүк катышуу методун колдонбой койсо болот:

(a) Ишкана толук бойдон же жарым-жартылай түрдө башка ишкананын менчиги катары туунду ишкана болгондо жана мындай учурда анын башка менчик ээлери, анын ичинде бөлөк учурларда добуш укугу жок боло турган менчик ээлери да ишкана үлүштүк катышуу методун колдонбой жаткандыгы жөнүндө кабардар болушуп, буга каршы чыкпай тургандыгын билдиришет.

(b) Ишкананын карыздык же үлүштүк инструменттери ачык рыноктогу (жергиликтүү же аймактык рынокторду кошкондо, ички жана чет элдик фондулук биржада же биржадан тышкаркы рынокто) жүгүртүүдө болбосо.

(c) Ишкана, өзүнүн финансылык отчёттуулугун бербесе жана бардык түрдөгү финансы инструменттерин ачык рынокто жайгаштыруу максатында финансылык отчёттуулугун баалуу кагаздар боюнча комиссияга же башка жөнгө салуучу органга берүү процессинде турбаса.

(d) Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттарынын талаптарына ылайык, акыркы же ортодогу башкы ишкана ачык жеткиликтүүлүктө турган бириктирилген финансылык отчёттуулугун түзөт, жана андагы туунду ишканалар ФОЭС (IFRS)

10го ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча консолидацияланат же бааланат.

18 Эгерде ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялар, венчурдук инвестицияларга адистешкен ишканага түздөн-түз таандык болсо же өз ара фонд, пайлык фонд же, инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошкондо ушул сыяктуу ишкана болуп саналса же ээлик кылуу ошондой ишкана аркылуу жүргүзүлсө, мындай учурда ишкана, аталган инвестицияларды ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоону чечиши мүмкүн. Ишкана мындай ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана баштапкы таанылган учурда ошондой ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ар бири үчүн өзүнчө ушундай чечимди кабыл алууга тийиш.

19 Эгерде ишкана, венчурдук инвестицияларга адистешкен ишкана, өз ара фонд, пайлык фонд же, инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошкондо, үлүшүнүн бир бөлүгүнө ээлик кылуу ушул сыяктуу ишкана аркылуу жүргүзүлгөн ассоциацияланган ишканага салынган инвестицияларга ээ болсо, ал инвестициялардын аталган үлүшүн ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо жөнүндө чечим чыгара алат. Мындай чечим, аталган ишканалар (венчурдук инвестицияларга адистешкен ишкана, өз ара фонд, пайлык фонд же, инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошкондо, башка ушул сыяктуу ишканалар) инвестициялардын мындай үлүшүнө олуттуу таасир эткендигине көз каранды болбойт. Эгерде ишкана ушундай жолду тандаса, анда ал венчурдук инвестицияларга адистешкен ишкана, өз ара фонд, пайлык фонд же, инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошкондо, ушул сыяктуу эмес, башка ишканалар аркылуу ээлик кылган ассоциацияланган ишканага салынган инвестициянын калган үлүшүнүн кайсы болбосун бөлүгүнө карата үлүштүк катышуу методун колдонууга тийиш.

## Сатууга арналган катары классификацияланган инвестициялар

20 Ишкана ФОЭС (IFRS) 5ти ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынып, «сатууга арналган» деген критерийге жооп берген инвестицияларга же инвестициялардын үлүшүнө карата колдонууга тийиш. Ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынып, сатууга арналган катары классификацияланган инвестициялардын кандай болбосун калган үлүшү, сатууга арналган катары классификацияланган үлүшү чыгып кеткенге чейин үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эсепке алынууга тийиш. ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, калган үлүш ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана тарабынан мурдагыдай эле таанылып жаткан учурларды кошпогондо, чыгып кеткенден кийин калган үлүштү ишкана ассоциацияланган ишканада же биргелешкен ишканада эсепке алууга милдеттүү, мындай учурда ишкана үлүштүк катышуу методун колдонууга тийиш.

21 Эгерде мурда сатууга арналган катары классификацияланган ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага инвестициялар же инвестициялардын үлүшү катары мындай классификация үчүн критерийлерди канааттандыра албай калса, аларды сатууга арналган катары классификацияланган күндөн тартып үлүштүк катышуу методу боюнча ретроспективдүү түрдө эсепке алуу керек. Инвестициялар сатууга арналган катары классификацияланган учурдан тартып, бардык мезгилдерге тийиштүү финансылык отчёттуулук тиешелүү түрдө оңдоп-түзөлүшү керек.

## Үлүштүк катышуу методун колдонууну токтотуу

**22 Ишкана, анын инвестициясы ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана болбой калган учурдан тартып үлүштүк катышуу методун колдонууну токтотууга тийиш:**

© ФОЭС Фонду

**(a)** **Эгерде инвестиция туунду ишкана болуп калса, ишкана өз инвестицияларын *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3кө жана ФОЭС (IFRS) 10го ылайык эсепке алууга милдеттүү.**

**(b)** **Эгерде мурдагы ассоциацияланган ишканада же биргелешкен ишканада калган үлүш финансылык актив болуп саналса, ишкана ошол калган үлүштү адилет нарк боюнча баалоого тийиш. ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, калган үлүштүн адилет наркы, анын финансылык актив катары баштапкы таанылган учурдагы адилет наркы болуп бааланууга тийиш. Ишкана пайданын же зыяндын курамында төмөнкүлөрдүн ортосундагы ар кандай айырманы таанууга тийиш:**

**(i)** **катышуунун калган үлүшүнүн адилет наркы менен ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы инвестициялардын бөлүгүнүн чыгып калышынан түшүүлөрдүн; жана**

**(ii)** **үлүштүк катышуу методун колдонуу токтотулган күнүнө карата инвестициялардын балланстык наркынын.**

**(c)** **Эгерде ишкана үлүштүк катышуу методун колдонууну токтотсо, ал ошол инвестицияларга карата андагы тийиштүү активдер жана милдеттенмелер инвестициялар объектинен түздөн-түз чыгып калып жаткандагыдай эле, башка жыйынды кирешенин курамында мурда таанылган бардык суммаларды эсепке алууга тийиш.**

23 Демек, эгерде башка жыйынды кирешенин курамында мурда инвестициялар объекти катары таанылган киреше же зыян тийиштүү активдердин же милдеттенмелердин чыгып калышынан пайданын же зыяндын курамына кайрадан классификацияланса, үлүштүк катышуу методун колдонуу токтотулганда, ишкана кирешени же зыянды өзүнүн капиталынын курамынан кирешенин же зыяндын курамына кайрадан классификациялайт (кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөө). Мисалы, ассоциацияланган ишканада же биргелешкен ишканада ошол учурга карата өзүнүн чет өлкөлүк бөлүмдөрүнө тийиштүү топтолгон курстук айырмалары болсо жана ишкана үлүштүк катышуу методун колдонууну токтотсо, ал ишкана чет өлкөлүк бөлүмдөрүнө тийиштүү башка жыйынды кирешенин курамында таанылган кирешени же зыянды өзүнүн пайдасынын же зыянынын курамына кайра классификациялоого тийиш.

**24** **Эгерде ассоциацияланган ишканага салынган инвестиция биргелешкен ишкананын инвестициясы болуп калса же, тескерисинче, биргелешкен ишканага салынган инвестиция ассоциацияланган ишкананын инвестициясы болуп калса, ишкана үлүштүк катышуу методун колдонууну уланта берет жана калган үлүштүн кайра баалоосун жүргүзбөйт.**

### Ээлик кылуу үлүшүнүн өзгөрүшү

25 Эгерде ишкананын, ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы ээлик кылган үлүшү азайып калса, бирок ишкана үлүштүк катышуу методун колдонууну уланта берсе, жана эгерде ошол кирешени же зыянды тийиштүү активдер же милдеттенмелер чыгып калганда өзүнүн пайдасынын же зыянынын курамына кайра классификациялоо талап кылынса, ал ишкана ээлик кылган үлүштүн ошондой азайышына байланышкан, башка жыйынды кирешенин курамында мурда таанылган кирешенин же зыяндын белгилүү бир бөлүгүн өзүнүн пайдасынын же зыянынын курамына кайра классификациялоого тийиш.

### Үлүштүк катышуу методунда колдонулуучу жол-жоболор

26 Үлүштүк катышуу методунда колдонууда жүзөгө ашырылуучу жол-жоболордун көбү ФОЭС (IFRS) 10до сыпатталган консолидациялоо жол-жоболоруна окшош. Мындан тышкары, туунду ишкананы сатып алууну эсепке алууда жүзөгө ашырылган жол-

жоболордун негизин түзгөн концепциялар, ошондой эле ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестицияларды сатып алууну эсепке алганда дагы пайдаланылат.

27 Топтун ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы үлүшү башкы ишкананын жана анын туунду ишканаларынын ошол ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы жыйынды үлүшүн билдирет. Топтун ассоциацияланган башка ишканаларынын же биргелешкен ишканаларынын катышуу үлүшү бул максаттарда эске алынбайт. Эгерде ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын пайдасы же зыяны, башка жыйынды кирешеси жана үлүштүк катышуу методун колдонууда пайдалана турган таза активдери бирдиктүү эсеп саясатын сактоо үчүн керек болгон оңдоп-түзөөлөрдөн кийинки ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын финансылык отчёттуулугунда таанылган пайданы же зыянды, башка жыйынды кирешени жана таза активдерди (ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын пайдасындагы же зыянындагы, ассоциацияланган өз ишканаларынын же биргелешкен ишканаларынын башка жыйынды кирешесиндеги жана таза активдериндеги үлүшүн кошкондо) билдирген туунду ишканалары, ассоциацияланган ишканалары же биргелешкен ишканалары бар (35 - 36А-пункттарын караңыз).

28 Ишкананын (анын бириктирилген туунду ишканаларын кошкондо) жана ассоциацияланган анын ишканасынын же биргелешкен ишканасынын ортосунда жүргүзүлгөн «төмөндөн жогору карай» жана «жогорудан төмөн карай» багыттарындагы операциялардын натыйжасында келип чыккан пайдалар жана зыяндар, ишкананын финансылык отчёттуулугунда инвестордун ушул ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы катышуу үлүшүнө тиешеси жок өлчөмдө таанылат. Мисалы, «төмөндөн жогору карай» багытындагы операциялар ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана тарабынан инвесторго активдерди сатууну камтыйт. Ал эми «жогорудан төмөн карай» багытынын мисалы катары, тескерисинче, инвестор тарабынан ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага активдерди сатууну же алардын төгүмдөрүн келтирсе болот. Ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын мындай операциялардан келип чыккан пайдаларындагы же зыяндарындагы инвестордун үлүшү алып салынууга тийиш.

29 Эгерде «жогорудан төмөн карай» багытындагы операциялар, сатууга же салым кылууга жаткан активдерди сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын төмөндөшүнөн же ошол активдердин наркы түшүшүнөн зыян болгондугун көрсөтүп турса, аталган зыяндар инвестор тарабынан толук бойдон таанылууга тийиш. Эгерде «төмөндөн жогору карай» багытындагы операциялар сатып алууга жаткан активдерди сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын төмөндөшүн же ошол активдердин наркынын түшүшүнөн тартылган зыянды көрсөтүп турса, инвестор аталган зыяндардагы өз үлүшүн таанууга тийиш.

30 Акчалай эмес активдин, ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын капиталындагы үлүшүнө алмаштырылган салымы, аталган терминдин *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16да аныкталган маанисине туура келгендей, андай салым коммерциялык өлчөмгө ээ болбогон учурларды эске албаганда, 28-пункт боюнча эсепке алынууга тийиш. Эгерде аталган салым коммерциялык өлчөмгө ээ болбосо, анда, 31-пункт дагы колдонула турган учурдан тышкары, пайда же зыян ишке ашырылган эмес катары каралат жана таанылбайт. Андай ишке ашырылбаган кирешелер же зыяндар үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эсепке алынган инвестицияларга каршы жокко чыгарылууга тийиш жана ишкананын инвестициялары үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эсепке алынган финансылык абалы жөнүндөгү бириктирилген отчётто кийинкиге калтырылган пайда же зыян катары көрсөтүлбөшү керек.

31 Эгерде ишкана, ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын капиталындагы үлүштү алуудан тышкары, ошондой эле акчалай же акчалай эмес активдерди алса, ал ошол акчалай же акчалай эмес активдерди алууга байланышкан акчалай эмес салымдын кирешесинин же зыянынын үлүшүн пайданын же зыяндын курамында толук бойдон тааныйт.

© ФОЭС Фонду

31A–31B *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тийиштүү, ошондуктан ушул басылмага киргизилген жок.]*

32 Ишкана ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана болгон күндөн тартып, инвестициялар үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эсепке алынат. Инвестицияларды сатып алууда, ошол инвестициянын наркы менен инвестициялар объектинин идентификацияланууучу активдеринин жана милдеттенмелеринин таза адилет наркындагы ишкананын үлүшүнүн ортосундагы айырма төмөндөгүдөй түрдө эсепке алынат:

(a) Ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага тийиштүү болгон гудвилл инвестициялардын баланстык наркынын курамына кошулат. Бул гудвиллдин амортизациясына уруксат берилбейт.

(b) Ассоциацияланган ишкананын идентификацияланууучу активдеринин жана милдеттенмелеринин таза адилет наркындагы үлүшүнүн инвестиция наркынан ашкан суммасы, инвестициялар сатып алынган мезгилге карата ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын пайдасындагы же зыянындагы инвестордун үлүшүн аныктаганда анын кирешеси катары чагылдырылууга тийиш.

Мындан тышкары, ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана сатып алынгандан кийин анын пайдасындагы же зыянындагы инвестордун үлүшүн оңдоп-түзөө аткарылат; мындай иш-аракет, мисалы, сатып алынган күнгө карата амортизацияланган активдердин адилет наркынын негизинде амортизацияланышын чагылдыруу максатында жүргүзүлөт. Ушундай эле жол менен, инвестор ассоциацияланган ишкананы же биргелешкен ишкананы сатып алгандан кийин наркынын түшүшүнө, мисалы, гудвиллдин же негизги каражаттардын наркынын түшүшүнө байланыштуу зыяндарды эсепке алуу максатында инвестордун пайдадагы же зыяндагы үлүшүнө тиешелүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлөт.

**33 Үлүштүк катышуу методун колдонгондо ишкана ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын соңку финансылык отчётттуулугун пайдаланат. Эгерде ишкананын жана ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын отчёттук мезгилинин соңку күнү айырмаланса, бул практикада мүмкүн эмес болгон учурларды кошпогондо, ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана ишкананын өзүнүн финансылык отчёттуулугунун отчеттук мезгилинин ошол эле соңку күнүнө карата абалы боюнча ишкана үчүн финансылык отчеттуулугун даярдайт.**

**34 Эгерде, 33-пунктка ылайык, ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын үлүштүк катышуу методун колдонуу менен пайдаланылган финансылык отчёттуулугу, ишкананын финансылык отчёттуулугуна караганда башка отчёттук күнгө карата абалы боюнча түзүлсө, ошол күн менен ишкананын отчёттук күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган олуттуу операциялардын жана окуялардын таасирин чагылдыруу үчүн оңдоп-түзөөлөрдү аткарууга тийиш. Кандай кылганда дагы, ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын отчёттук мезгилинин аякташы менен ишкананын отчёттук мезгилинин аягынын ортосундагы айырма үч айдан ашпоого тийиш. Отчёттук мезгилдердин узактыгы жана отчёттук мезгилдердин аяктоо күндөрүндөгү айырма мезгилден мезгилге карай бирдей болушу керек.**

**35 Ишкананын финансылык отчёттуулугу окшош жагдайларда орун алган ушул сыяктуу операцияларга жана окуяларга карата бирдиктүү эсеп саясатын жүргүзүүнүн негизинде түзүлүүгө тийиш.**

36 36A-пунктунда сыпатталган учурдан тышкары, эгерде ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана, окшош жагдайларда орун алган ушул сыяктуу операцияларга жана окуяларга карата ишкананын эсеп саясатынан айырмаланган саясат жүргүзсө, ошондой эле ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын финансылык отчёттуулугу үлүштүк катышуу методун колдонгон ишкана тарабынан пайдаланылса, ассоциацияланган

ишкананын же биргелешкен ишкананын финансылык отчёттуулугун түзүү саясатын ишкананын ошол эле жааттагы саясатына шайкеш келтирүү максатында оңдоп-түзөөлөрдү жүргүзүү керек.

36A 36-пункттун талаптарына карабастан, өзү инвестициялык ишкана болбогон ишкана ассоциацияланган инвестициялык ишканадагы же биргелешкен ишканадагы катышүү үлүшүнө ээ болсо, анда үлүштүк катышуу методун колдонууда ошол ишкана анын ассоциацияланган инвестициялык ишканасы же биргелешкен ишканасы колдонгон адилет нарк боюнча баалоосун, туунду ишканалардагы өзүнүн катышуу үлүштөрүнө карата сактап калуу чечимин чыгарышы мүмкүн. Мындай чечим, инвестициялык ишкана болгон ар бир ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана боюнча өз алдынча төмөндөгү күндөрдүн эң кечине тийиштүү кабыл алынат: (a) инвестициялык ишкананын ассоциацияланган ишканасы же биргелешкен ишкана баштапкы таанылат; (b) ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана инвестициялык ишкана болуп калат; жана (c) инвестициялык ишкананын ассоциацияланган ишканасы же биргелешкен ишкана алгачкы жолу башкы ишкана болуп калат.

37 Эгерде ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана, жүгүртүүсүндө ишканадан айырмаланган тараптар ээлик кылган топтолуучу артыкчылыктуу акцияларга ээ болсо, жана ошол акциялар өздүк капитал катары классификацияланса, ишкана пайдадагы же зыяндагы өзүнүн үлүшүн, ошондой акциялар боюнча дивиденддер төлөнүүгө жарыялангандыгына карабастан, дивиденддердин суммасына карата оңдоп-түзөөлөрдөн кийин эсептейт.

38 Эгерде ишкананын ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы тарткан зыяндарынын үлүшү ассоциацияланган ишканадагы же биргелешкен ишканадагы катышуу үлүшүнө тең келип калса же ошол үлүшүнөн ашып кетсе, ишкана андан аркы зыяндарында өз үлүшүн таанууну токтотот. Ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын катышуу үлүшү ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялардын баланстык наркына ылайык келет да, ал инвестициялар узак мөөнөттүү ордун толтуруулар менен бирге үлүштүк катышуу методу боюнча эсепке алынат жана алар негизинен ишкана ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган таза инвестицияларынын бөлүгүн түзөт. Мисалы, төлөнүшү жакын аралыкта пландаштырылбаган жана ниет кылынбаган берене негизинен ишкананын ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган кошумча инвестициялары болуп саналат. Мындай беренелер артыкчылыктуу акцияларды жана узак мөөнөттүү дебитордук карыздарды же узак мөөнөттүү зайымдарды камтышы мүмкүн, бирок алар соода боюнча дебитордук карыздарды, соода боюнча кредитордук карыздарды же камсыздалган зайымдар сыяктуу анык келген камсыздоосу бар узак мөөнөттүү дебитордук карыздарды камтыбайт. Ишкананын, жөнөкөй акцияларга салынган инвестицияларынан ашып кеткен өлчөмдө үлүштүк катышуу методу боюнча таанылган зыяндары, ишкананын ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага катышуу үлүшүнүн башка компоненттерине улуулугунун тескери тартибинде (б.а., жоюу учурундагы артыкчылыктуулугу боюнча) таандык кылынат.

39 Ишкананын катышуу үлүшү нөлгө чейин азайган соң, кошумча зыяндар жана милдеттенмелер, ишкана юридикалык жана практика менен шартталган милдеттерин өз мойнуна алган менен өлчөмдө же ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын атынан төлөмдөрдү жүргүзгөн учурларда гана таанылат. Эгерде кийин ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана өз пайдасын чагылдырса, ал ошол пайдадагы өзүнүн үлүшү зыяндарында таанылбаган үлүшүнө барабар болуп калгандан кийин гана кайрадан тааныйт.

## Нарктын түшүшүнөн тартылган зыяндар

40 38-пунктка ылайык ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын зыяндарынын таанылышын кошо алганда үлүштүк катышуу методу колдонулгандан кийин, ишкана ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган таза

© ФОЭС Фонду

инвестицияларынын наркынын түшүшүн объективдүү тастыкталышын аныктоо максатында 41А - 41С-пункттарын колдонот.

41 [Алып салынган]

41А Таза инвестицияларды баштапкы таануу учурунан тартып орун алган бир же бир нече окуялардын («зыянга алып келген окуя») натыйжасында нарктын түшүшүн тастыктаган объективдүү күбө болгондо гана, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган таза инвестициялардын наркы түшүп кетет жана анын натыйжасында зыяндар келип чыгат, жана зыянга алып келе турган мындай окуя (же окуялар), таза инвестициялар боюнча көлөмүн ишенимдүү баалоого боло турган алдын ала эсептелген келечектеги акча агымдарына таасирин тийгизет. Нарктын түшүшүнө алып келген конкреттүү бир окуяны аныктоого мүмкүн болбошу да ыктымал. Нарктын түшүшүнө бир нече окуялардын жыйындысы себеп болушу мүмкүн. Келечектеги окуялардын натыйжасында күтүлгөн зыяндар алардын тартылышынын ыктымалдуулугунун даражасына карабастан таанылбайт. Таза инвестициялардын наркынын түшүшүнүн объективдүү тастыктоолору, ишканага белгилүү болуп калган зыянга алып келген төмөндөгү окуялар жөнүндө байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтарды камтыйт:

(a) ассоциацияланган ишканада же биргелешкен ишканада келип чыккан олуттуу финансылык кыйынчылыктар;

(b) ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана тарабынан келишимдин бузулушу, мисалы, дефолт же төлөөдөн баш тартуу;

(c) ишкана тарабынан ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага, алардын финансылык кыйынчылыктарына байланышкан экономикалык жана укуктук себептерден улам башка учурларда берилбей турган жеңилдиктин берилиши;

(d) ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын банкроттугу же башка финансылык өзгөртүп түзүүнүн болушу ыктымал болгондугу; же болбосо

(e) ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын финансылык кыйынчылыктарынын натыйжасында таза инвестицияларды салуу үчүн активдүү рыноктун жок болуп кетиши.

41В Ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын үлүштүк же финансылык инструменттерин ачык сатууну токтотуунун натыйжасында активдүү рыноктун жок болуп калгандыгы, нарктын түшүп кетишинин күбөсү болуп саналбайт. Ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын кредиттик рейтингинин түшүп кетиши, ошондой эле ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын адилет наркынын төмөндөшү башка жеткиликтүү маалыматтар менен бирге нарктын түшүп кетишин күбөлөндүрүп тургандыгына карабастан, ал өз алдынча нарктын түшүшүнүн күбөсү болуп саналбайт.

41С 41А-пунктунда баяндалган окуялардын типтерине кошумча катары, ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын үлүштүк инструменттерине салынган таза инвестициялардын наркынын түшүп кетишинин объективдүү күбөсү, ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген технологиялык, рыноктук, экономикалык жана укуктук чөйрөлөрдөгү терс таасири бар олуттуу өзгөрүүлөрдөн улам үлүштүк инструментке салынган инвестициянын баштапкы наркынын орду толтурулбастыгы мүмкүн экендигин көрсөткөн маалыматты камтыйт. Үлүштүк инструментке салынган инвестициянын адилет наркынын, анын баштапкы наркына караганда олуттуу же узак мөөнөткө төмөндөп кетиши да анын наркынын түшүшүнүн объективдүү күбөсү болуп саналат.

42 Ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялардын балансттык наркынын бөлүгү болгон гудвилл өзүнчө таанылбагандыктан, ал *«Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36 тарабынан белгиленген, гудвиллдин наркы түшүп

кеткендигин текшерүү талаптарын аткаруу иретинде андай өзүнчө текшерилүүгө жатпайт. Анын ордуна инвестициялардын бүтүндөй баланстык наркы, ФОЭС (IAS) 36га ылайык, 41А-41С-пункттарынын талаптарын колдонуунун натыйжасында инвестициялардын наркы түшүшү мүмкүн болгон учурларда, анын орду толтурулуучу наркын (ал төмөндөгү эки маанинин эң чоңун билдирген – колдонуу баалуулугу менен сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркынын) жана баланстык наркты салыштыруу жолу менен, наркы түшүп кеткендиги бирдиктүү актив катары текшерилет. Мындай жагдайларда таанылган нарктын түшүшүнөн тартылган зыян, кандайдыр бир активге, анын ичинде ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялардын баланстык наркынын курамына кирген гудвиллге кирбейт. Демек, таза инвестициялардын орду толтурулуучу наркы кийинчерээк жогорулаган учурда, нарктын түшүшүнөн тартылган мындай зыянды кандай болбосун калыбына келтирүү ФОЭС (IAS) 36га ылайык таанылат. Таза инвестициялардын колдонуу баалуулугун аныктоодо ишкана төмөндөгүлөрдү баалайт:

(a) алдын ала күтүлгөндөй, ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана тарабынан топтоло турган келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркындагы өзүнүн үлүшүн, анын ичинде ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын операцияларынан түшкөн акча каражаттарынын агымдарын жана инвестициялардын биротоло чыгып калышынын натыйжасында келип түшүүлөрдү; же

(b) инвестициялардан жана инвестициялардын биротоло чыгып калышынан алуу күтүлгөн дивиденддер түрүндөгү келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын.

Мындай божомолдорду туура пайдаланганда эки метод тең бирдей эле натыйжаны берет.

43 Ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялардын орду толтурулуучу наркы ар бир ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана боюнча өз-өзүнчө бааланат, буга ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана ишкананын башка активдеринин акча каражаттарынын агымдарына негизинен көз карандысыз боло турган, улантылып жаткан ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын агымдарын түзбөгөн учурлар кирбейт.

## Өзүнчө финансылык отчёттуулук

44 ФОЭС (IAS) 27нин (2011-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 10-пунктуна ылайык, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялар ишкананын өз алдынча финансылык отчёттуулугунда чагылдырылууга тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

45 Ишкана ушул стандартты 2013-жылдын 1-январынан же кечирээк башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана стандартты ФОЭС (IFRS) 10, *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11, *«Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 12 жана ФОЭС (IAS) 27 (2011-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

45A 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 менен 40-42-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген жана 41А-41С-пункттары кошумчаланган. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

45B 2014-жылдын августунда чыгарылган *«Өзүнчө финансылык отчёттуулуктагы үлүштүк катышуу методу* (ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр)» документи тарабынан 25-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана ушул түзөтүүнү, *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык, 2016-жылдын 1-

январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

45C *[Бул пункт күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тийиштүү, жана ошондуктан ушул басылмага киргизилген жок.]*

45D 2014-жылдын декабрында чыгарылган *«Инвестициялык ишканалар: консолидациялоо талабынан өзгөчө учурду колдонуу* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөр)» документи менен 17, 27 жана 36-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген жана 36А-пункту кошумчаланган. Ишкана ушул түзөтүүнү 2016-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

45E 2016-жылдын декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2014 - 2016-жылдар аралыгы»* документи тарабынан 18 жана 36А-пункттарына өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 8ге ылайык 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

45F *[Бул пункт күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тийиштүү, жана ошондукта, ушул басылышка киргизилген жок.]*

45G 2017-жылдын октябрында чыгарылган *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга жумшалган узак мөөнөттүү салымдар»* документи тарабынан 14А-пункту кошулган жана 41-пункт алып салынган. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү, ФОЭС (IAS) 8ге ылайык жана 45H - 45K-пункттарында белгиленген учурлардан тышкары, 2019-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

45H 45G-пункту тарабынан белгиленген түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир эле убакта алгачкы жолу колдонгон ишкана, 14А-пунктунда көрсөтүлгөн узак мөөнөттүү салымдарга карата өткөөл жоболорун колдонушу керек.

45I ФОЭС (IFRS) 9 алгачкы жолу колдонулгандан кийин 45G-пунктта белгиленген түзөтүүлөрдү алгачкы жолу колдонгон ишкана, 14А-пунктта каралган талаптарды колдонуу үчүн керек болгон ФОЭС (IFRS) 9дун өткөөл жоболорун узак мөөнөттүү салымдарга карата колдонууга тийиш. Бул максаттарда ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонуу күнүнө карата көрсөтмөлөр, анда ишкана ушул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгил башталган күнүнө карата (түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнү) көрсөтмөлөр катары кароо керек. Ишкана ушул түзөтүүлөрдүн колдонулушун чагылдыруу үчүн өткөн мезгилдеги маалыматтарды кайрадан эсептеп чыгууга милдеттүү эмес. Ишкана өткөн мезгилдеги маалыматтарды, андай кайра эсептөө кыйла кечирээк маалыматтарды колдонбой жүргүзүүгө мүмкүн болгондо гана кайрадан эсептөө жүргүзө алат.

45J 45G-пункту тарабынан белгиленген түзөтүүлөрдү алгачкы жолу колдонгон учурда, *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 4кө ылайык, ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотулган ишкана, ошол түзөтүүлөрдүн колдонулушун чагылдыруу үчүн өткөн мезгилдеги маалыматтарды кайра эсептөөгө милдеттүү эмес. Ишкана өткөн мезгилдеги маалыматтарды, андай кайра эсептөө кыйла кечирээк маалыматтарды колдонбой жүргүзүүгө мүмкүн болгондо гана кайрадан эсептөө жүргүзө алат.

© ФОЭС Фонду

45K Эгерде ишкана, 45I же 45J-пункттарына ылайык, өткөн мезгилдерге тиешелүү маалыматтарды кайра эсептебесе, ал ошол түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнүнө карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын кириш сальдосунун (же, эгерде колдонулса, өздүк капиталынын башка компонентинин) курамында төмөндөгүлөрдүн ортосундагы айырманы таанышы керек:

(a) 14A-пунктунда белгиленген узак мөөнөттүү салымдардын ушул күнгө тиешелүү болгон мурдагы баланстык наркынын; жана

(b) ошол узак мөөнөттүү салымдардын ушул күнгө тийиштүү болгон баланстык наркынын.

### ФОЭС (IFRS) 9га шилтемелер

46 Эгерде ишкана ушул стандартты колдонуп жатса, бирок ФОЭС (IFRS) 9ду али колдоно элек болсо, анда ФОЭС (IFRS) 9га бардык шилтеме ФОЭС (IAS) 39га шилтеме катары окулууга тийиш.

## ФОЭС (IAS) 28дин (2003) колдонулушун токтотуу

47 Ушул стандарт *«Ассоциацияланган ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28ди (2003-жылы кайра каралган) алмаштырат.

© ФОЭС Фонду